**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ XXI СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

24-август 2026-жыл **№ 3** Октябрь айылы

**Багыш айыл өкмөтүнүн аймагындагы Сорт сыноо участкасына жер бөлүп берүү жөнүндө.**

Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 26-июнундагы № 01-15/98 сандуу катын негиздеп, Багыш айылдык кеңешинин агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиясынын протоколдук чечимин угуп талкуулап, Багыш айылдык кеңешинин кезектеги XXI сессиясы **токтом кылат:**

1. Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 26-июнундагы № 01-15/98 сандуу “Багыш айыл өкмөтүнүн аймагындагы Сорт сыноо участкасынын 53 га жер аянты болгон, эл аралык деңгээлдеги аэропорт курулушуна 37 га жер аянты алынган, калган 16 га жер аянты жергиликтүү тургундарга бөлүнүп берилген. Сорт сыноо участкасынны 16 га жер аянтын кайтарып, аэропорт курулушуна кеткен 37 га жер аянтынын ордуна асылдуулугу жогору болгон жер бөлүп берүү жөнүндө” катынын негизинде Багыш айыл аймагынын № 8 контурунан 26 га жер бөлүп берүүгө уруксат берилсин.
2. Багыш айыл өкмөтүнүн аймагындагы Сорт сыноо участкасына № 8 контурунан 26 га жер бөлүп берүүгө тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Токтомдун атарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Таевге милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.Сейдахатовго жүктөлсүн.
5. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төраганын орун басары** **Ч.Мурзаканов**